Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулаймановичтин изденүүчү Амантур уулу Эдилбектин **“XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы”** деген темадагы 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий эмгекке берген

**КОРУТУНДУСУ**

**1. 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07.23.671 Диссертациялык Кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

Амантур уулу Эдилбек тарабынан берилген 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” деген аталыштагы тарыхы илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган кандидаттык диссертациясы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университенин жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.07.23.671 Диссертациялык Кеңешинин талабына жооп берет.

Талкууга коюп жаткан жаткан илимий эмгекте XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы, ошол мезгилдеги өнүккөн ислам өлкөлөрүндө түптөлгөн, калыптанган жана бекемделген мамлекеттүүлүктүн тарыхы кеңири изилдөөгө алынган. Диссертант чет элдик жана жергиликтүү илимий адабияттар жана архивдик булактарга таянып изилдөөгө алынган маселеге

талдоо жүргүзүүгө аракет жасаган. Андыктан илимий иш 07.00.03 – жалпы тарых адистигинин паспортуна жооп берет.

**Изилдөөнүн максаты** XX кылымдыгы Ислам өлкөлөрүндө түптөлгөн, калыптанган жана бекемделген мамлекеттүүлүктүн тарыхын өнүккөн ислам мамлекеттеринин мисалында илимий талдоого алуу, баа берүү болуп саналат.

Максатты ишке ашырууда төмөнкү милдеттер коюлган:

-изилдөөгө алынган маселенин тарыхнаамасын терең жана ар тараптуу илимий талдоо жүргүзүү;

-ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздерин аныктоо;

-изилденип жаткан теманын объектисин, предметин жана методологиясын тастыктоо;

-ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизги формаларын, классификациясын жана мамлекетти куруунун негизги концепциясынын калыптанышын изилдөө;

-мамлекеттик түзүлүштүн шииттик жана сунниттик болуп бөлүнүшүндөгү кээ бир негизги өзгөчөлүктөрүн ачуу;

-Иран Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгүн жана ал өлкөдө өкүм сүргөн Имам Хомейнинин "Ислам мамлекети" концепциясына талдоо жүргүзүү;

-Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекетинин өзгөчөлүгүн көргөзүү;

-Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекетүүлүгүнүн айырмачылыктарын иликтөө.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** – XX кылымдыгы исламдагы мамлекеттүүлүк маселелери саналат.

**Изилдөө ишинин предмети** катары ислам мамлекеттүүлүгүнүн XX кылымдагы өнүгүү багыттары жана формалары каралат.

Диссертациялык иштин обьектиси жана предмети 07.00.03 – жалпы тарых адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

**2. Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу төмөнкүчө аныкталган**

Диссертациялык эмгек XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын терең жана ар тараптуу изилдөөгө арналган. Акыркы жылдары

ислам мамлекеттеринин ортосунда эл аралык мамилелердин жана ар тараптуу кызматташтыктарынын болуп көрбөгөндөй өнүгүүсү байкалууда. Дүйнөдө болуп жаткан окуялардын алкагында ислам мамлекеттеринин эл аралык мамилелердеги жана саясат чөйрөсүндөгү таасири өсүү менен «ислам мамлекеттүүлүгү» концепциясына болгон кызыгуу жогорулоодо.

Ошондуктан, иликтөөгө алынган маселелерди терең изилдөөгө алуу учур талабы катары кароого татыктуу.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Талкууга коюлуп жаткан дисертацияда иште XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы илимий изилдоого алынган алгачкы эмгек болуп эсептелет. Диссертант далилдүү илимий жыйынтыктарды чыгарууда мурда жарык көргөн илимий адабияттар менен тарыхый булактарга таянган.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктыи жана корутуидунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Диссертант XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы илимий адабияттардын жана түрдүү булактык материалдардын негизинде ынанымдуу жана далилдүү материалдар менен бышыктаган. Ислам мамлекеттери, алардын ичинен суннит жана шиит багытындагы мамлекеттер боюнча маалыматтары чогултулуп, жыйналган материалдарга илимий талдоо жасалган. Ар бир баптын жыйынтыгында корутунду берилген.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жацычылдыгынын денгээли.**

Эмгектин илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык денгээли катары төмөнкүлордү белгилеп кетүүгө болот.

**1-жыйынтык.** Кыргызстандын тарых илиминде биринчилерден болуп ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы маселелери диссертациялык изилдөөгө алыган. XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнө ар тараптуу талдоо жасалган жана XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхына байланышкан илимий эмгектер, чогултулган материалдар

системалаштырылып, аларга алгачкы жолу тарыхнаамалык жана булактаануучулук илимий тастыктоо жүргүзө алган.

**2-жыйынтык.** Ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизги формалары, алардын айрым өлкөлөрдөгү классификациясы, ислам системасындагы мамлекетти куруунун негизги концепциясынын калыптанышы иликтенген;

**3-жыйынтык.** Калкынын басымдуу бөлүгүн мусулмандар түзгөн мамлекеттердеги мамлекеттик түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүлгөн;

**4-жыйынтык.** Иран Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгү, ал өлкөдө өкүм сүргон Имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясы, Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекетинин өзгөчөлүгү жана Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекетүүлүгү талдоого алынган.

**6. Диссертациянын илимий практикалык мааиисин ачууда, изилдөөгө алыиып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйыитыктарыныи ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Диссертант илимий изилдөөсүн ар тараптуу караганга аракет жасаган. Чогултулган материалдарды хронологиялык-системага салып, алдына коюлган милдет жана максаттарын ачып берүүгө аракеттенген. Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынган маселелерди чечүүдо иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу канааттандыраарлык деп саноого болот.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациядагы маалыматтарды, жыйынтыктарды жана сунуштарды илимий изилдөөлордо, долбоорлордо жана окуу китептерин жазууда пайдаланууга болот

**8. Илимий эмгектин жыйынтыктарын жарыяланган эмгектерде тастыкталышы.**

**Изденүүчү тарабынан** 9 илимий макала жарыялаган. Анын төртөөсү чет элдик басылмалардан жарык көргөн. Илимий макалалар талапка жооп берет.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын кол жазмасына карата идентивдүү эки тилде (кыргыз, орус) даярдалган автореферат илимий иштин мазмунуна дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Талкууга коюлган илимий эмгекте жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым мүчүлүштүктөр кездешет.

1. Изденүүчү тарабынан коюлган маселенин тарыхнаамеси толук иликтенген эмес. Кыргыз тарыхчыларынын ислам мамлекеттеринин тарыхына арналган илимий эмгектери эске алынбаган.
2. Диссертанттын иликтөөсүндө берилген илимий жаңылыктарында бир ойду, пикирди берүүдө экинчи бир бөлүгүндө кайталоолор кездешет. Андыктан илимий жацылыкты тактап, илимий редакциялоодон өткөрүү зарыл.
3. Илимий эмгектеги баптардын аягында кеңири илимий жыйынтык чыгарылбай калган. Диссертант кыска жыйынтыктар менен гана чектелип калган.
4. диссертацияда илимий булака арналган, ага илимий талдоо жүргүзгөн бөлүмберилбей унутта калган. Ошондой эле архивдик булактар такыр көрсөтүлбогөн.
5. Илимий иштин аягындагы илимий корутунду диссертацияда коюлган максаттар менендал келбей, баш аламан берилген.
6. Илимий эмгекте грамматикалык, стилистик, орфографиялык каталар кездешет. Чет элдик создор көп колдонулган. Эң мыкты редакциялык ишти жүргүзүү талапка ылайыктуу.

Диссертациянын кол жазмасынын баалуулугун аталган мүчүлүштүктөр төмөндотпөйт. Иш илимий талаптарга ылайык жазылган өз алдынча изилдөө болуп саналат Амантур уулу Эдилбектин тарабынан берилген 07.00.03 – жалпы тарых тарыхы боюнча **"XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы"** деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу даярдалган диссертациясынын кол жазмасын Д.07.23.671 Диссертациялык кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууга сунуш берилет.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
тарых илимдеринин доктору: Ормушев А.С.

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д. 07.23.671 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т. и.д. Карыева А.К.